# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН АТА-ЭНЕЛЕР КОМИТЕТИ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ

# Ж О Б О

1. Жалпы жоболор.

1.1. Бул Жобо кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү Уюмунун ата-энелер комитетинин иш аракетин жөнгө салат, анткени ал тең башкаруу органы болуп эсептелет.

1.2. Ата-энелер комитети жөнүндө жобо ата-энелердин жалпы мектептик чогулушунда кабыл алынып, бекитилет да, мектептин жалпы билим берүү боюнча директорунун буйругу менен шике киргизилет.

1.3. Ата-энелер комитети (текст боюнча мындан ары - «комитет» - деп берилет) үч жылдык мөөнөткө ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрага башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер комитетинин конференциясында тактама (отчет) берип турат. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү - 3-жыл (же комитеттин жылына үчтөн бири алмаштырылып турат).

1.4. Анын иш аракеттерин ыңгайлаштыруу (координациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.

1.5.Комитеттин иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндөгү» Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү» типтүү жобого, «Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы» жана ушул Жобого ылайык ишке ашырылат.

1.6. Комитеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.

II. Негизги милдеттери. Ата-энелер комитетинин милдеттери:

2.1. Жалпы билим берүүчү мектептин жетекчисине:

- мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарында балдар менен
мектеп жашындагы өспүрүмдөрдүн милдеттүү түрдө жана акысыз бекер
жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алуусуна;
- мамлекеттик билим Берүү уюмдарындагыдай эле мамлекеттик
эмес жалпы билим берүү уюмдарында да Кыргыз Республикасынын
Ченемдик - укук актыларына ылайык, окуучулардын окуу жүктөмү
(нагрузкасы), сабактардын тартиби, үйдөн о к уусуна жана дарылоо
мекемелеринде окутууга);
- жалпы мектептик иш чараларды уюштурууга жана аларды
өткөрүүдө көмөк көрсөтөт.

2.2.Жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларынын ата-энелери
(мыйзамдуу өкүлдөрү) менен алардын укуктары менен милдеттерин
түшүндүрүү, үй-бүлөдө баланы тарбиялоо, ошондой эле жалпы билим
берүүчү уюмдарды башкаруу процессине тартуу боюнча иштерди
жүргүзүү болуп эсептелет.

III. Жалпы мектептик ата-энелер комитетинин функциялары.

3.1. Окуу-тарбиялык процессти уюштуруу үчүн (окуу китептерин,
көрсөтмө усулдук куралдарды сатып алууга, аларды даярдоого, окутуу
жабдуулары менен камсыз кылууга ж.б.) оптималдуу шарттарды
камсыз кылууга көмөк көрсөтөг.

3.2. Класстык ата-энелер комитеттердин иш-аракеттерин
координациялайт.

3.3. Окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн)
арасында окуучулардын ата-энелеринин жана окуучулардын укуктары
менен милдеттери жөнүндо түшүндүрүү жана консультативдик
иштерди өткөрөт.

3.4. Жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүүгө көмөктөшөт,
ошондой эле ата-энелер комитетинин билгилигине (компетенциясына)
таандык жалпы мектептик ж.б. иштерди өткөрүү маселелери боюнча
тең башкаруунун башка да органдары менен бирге өз ара иш алпарат.

3.5. Жалпы билим берүү уюмун жаңы окуу жылына карата даярдоо иштерине катышат.

3.6. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен бирдикте балдардын билим алууга болгон аракетин уюштурууну, окуучулардын тамактануvсунун жана медициналык жактан тейленүүсүнүн сапатын уюштурууну көзөмөлдөйт.

3.7. Ата-энелердин жалпы мектептик чогулуш-жыйналыштарын өткөрүүдө жалпы билим берүү уюмунун жетекчилигине жардамдашат.

3.8. Өз дарегине, ошондой эле ушул Жобо тарабынан комитеттин билгилигине таандык Жобо тарабынан белгиленген маселелер боюнча